УДК: 37.01

Анарбаева Г. А.
*Жалал-Абад мамлекеттик университети*

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МЕЗГИЛИНДЕ ЖАҢЫ МУУНДУ ТАРБИЯЛООНУН КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

Бүгүнкү күндө дүйнө жүзү алаканга салгандай кичирейип, адамзат тагдыры бири-бирине жипсиз байланган жашоо, массалык жалпылашууга өткөн заман, укмуштай тездик менен өнүккөн жогорку техника доору келди. Бул доор - адам баласынын акыл жөндөмдүүлүгүнүн эң жогорку жетишкендиги. Ушундай доорго дуушар болгон, тагдыры чиеленишкен 200 дөй өлкөнүн бүгүнкү күндөгү көйгөйү - ар биринин улуттук өзгөчөлүгүн, маданий-руханий баалуулуктарын, тарыхын, тилин, улуттук каада-салттарын сактап кала албагандыгы.

Кыргыз эли эгемендүүлүккө жетишкенден баштап рухий баалуулуктары да бир топ жогорулады. Рухий баалуулуктун өнүгүшүндө азыркы күндө илим-билимдин, тарбиянын, адабиятты, тилди, маданиятты жана тарыхты окутуунун жаштарга тийгизген таасири абдан чон. Мындай маселелерди чечүүдө, коомго болгон көз карашыбызды өнүктүрүүдө жана аны татыктуу жашоого оңдоодо азыркы илим-билимдин, гуманитардык илимдерди, анын ичинен тарыхты окутуунун жаш муундарга тийгизген ролу чоң болушу керек жана жаңы муунду турмушка тарбиялоодо жеткиликтүү иш-чараларды алып барыш керек. Бирок турмуштун татаал тагдырына туш болуп андан чыгуу жолдорун таппай жүргөн атуулдарыбыз, күнүмдүк ырахатка бөлөнүп алдоонун чеңгелине туш болгон эже-синдилерибиз, тирүүлөй жетим калган мотурайган балдарыбыз, тогуз ай сыздап төрөп, өзү ичип жебей эрезеге жеткирип, бирок карыганда бир кесе ашка ээ болбой заңгырата салынган кең үйдүн бир бурчунан орун алалбай текебер келин, өзүмчүл эр-азаматтарыбыздын айынан карылар үйүндө зар какшап, муңу кудайга жеткен ата-апаларыбыз канча? Мындай аянычтуу тагдырлар тилеке каршы азыркы күндө четтен чыгат. Кыргыздын тарыхында мындай терс көрүнүш болуп көрбөгөн. Жалпылап айтканда, эгер тез арада жаш муундарга жеткиликтүү таасир калтыра турган таалим-тарбия бере албасак кайрадан туңгуюкка кириптер болушубуз толук ыктымал. Глобализация жана өнүгүү процессин жаштар кандай кабылдайт? Кандай ой жүгүртөт? Алар аны сиңирүүгө даярбы же даяр эмеспи? Бул өзүнчө каралуучу азыркы күндүн олуттуу маселеси. Чыныгы тарбия, илим-билимге кызыгуу үйдон башталат. Үй-бүлө куруп, балалуу болуп, аларды коомубуздун керегине жарагыдай кылып тарбиялоо ар бир ата-эненин ыйык милдети болуп саналат. Азыркы күндө коомубуздун экономикалык оор шартында коп балалуу болуу, аларды туура багытта тарбиялоо оңой-олтоң иш болбой калды. Көп балдар ата-эненин мээримине зар болуп чоңоюшууда. Ал ата-энелер аргасыздан акча табуу үчүн чет өлкөлөргө барып иштеп, баланы акча менен толук камсыз кылып, бирок тарбия жагына коңул бурулбай жаткандыгы бүгүнкү күндүн дагы бир оорчундуу проблемасы болуп саналат. Ишенип калтырган (туугандар) тарбиячылар тарабынан аянычтуу жана кайгылуу окуялардын курмандыгына чалдыккан наристелердин тагдырын күн сайын массалык маалымат каражаттарынан угуп, төбө чачың тике турат. Адамдар айбандан да жырткыч болуп кеткенине өкүнөсүн. Бүгүн аларга тиешелүү чара колдонбосо,

мындай иштер көнүмүш адатка айланып кетпесине ким кепилдик бере алат? Балдар биздин келечегибиз деген сөз кайда?

Алгач балдарды тарбиялоодо бала бакчалардын ролу чон. Азыркы күндө Жалал-Абад областы боюнча 2013-2014-жылдагы статистикалык маалымат боюнча 115 бала бакча иштеген, анын 90у мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланса, калганы жеке менчикке өткөрүлүп берилген, аларда, жалпысынан, 9729 бала тарбияланууда. Бирок акыркы жылдарда көп бала бакчалар бош калып, айрым мекеме-ишканалардын менчигине өтүп кетүүдө. Биринчиден, бакчанын төлөмү өскөндүктөн, көп ата-энелер ага даремети, жетпей балдарын бере албай жатса, экинчиден, ал бакчалардагы түзүлгөн шарттар азыркы талапка жооп бербейт. Көп бала бакчалар, айрыкча, айыл жерлеринде такыр эле иштебей калды, иштеген бакчаларда балдардын саны аз. Ал эми шаардагы шарты жакшы бала бакчаларда 1 эле тайпада 40-45 балага жетип, аларга жеткиликтүү көңүл бурулбай калууда. Эгер мамлекет тарабынан бала бакчаларга жакшы көңүл бурулуп, алардын шартын ондоп, тамак-аш жагынан жардам берилсе, көптөгөн мотурайган наристелерибиз өз мезгилинде тамактанып, уктап, көптөгөн кызыктуу мааалыматтарды алып, келечекте татыктуу тарбия алышмак. Балдарды патриот кылып тарбиялоодо бала бакчалардын ролу чоң. Бул курактагы балдардын кабыл алуусу, кызыгуусу күчтүү болуп үйрөтүлгөн нерселерди бат кабыл алат. Жеткиликтүү көрсөтмө куралдарды көбүрөөк пайдаланып сабак өтүүгө азыркы күндөгү маянанын аздыгы терс таасирин тийгизүүдө. Бүгүнкү көйгөйлүү маселе - бакчада эмгектенген тарбиячылардын жана мээрбан эжелердин маянасынын аздыгы. Алар күн бою балдар менен болуп арзыбаган айлык акы менен эмгектенишүүдө. Билим берүүнүн жерпайы бала бакчадан курулат эмеспи. Социалисттик коом таркап, башка коомго карай жүрүшкөн кыргыз өлкөсү ар тараптан өзгөрүүлөргө, жаңылanууга, тоскоолдуктарга кыйынчылыктарга дуушар болду.

Мындай көйгөйлүү проблемалар билим берүү жагынан мектептерде да ондоп мисалга келтирүүгө болот. Булардын бардыгы билим берүүнүн сапатына жана билим алуунун натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизип жатат. Бул проблемаларды чечүүдө жапа тырмак киришсек, бир топ маселелер оң тарапка чечилмек. Азыркы мезгилдин талабына ылайык, мектептер жана бала бакчалар акыркы жабдуулар жана компьютерлер менен жабдылган. Ошого карабастан, жаңы окуу куралдары жетишсиз. Жыл сайын областтык денгээлде мектептер аралык окуучулардын билимин текшерүү боюнча предметтер аралык олимпиадалар өткөрүлөт. Жогорку окуу жайлардын окутуучулары эксперт катары бул иш чараларга активдуу катышып, бир топ азыркы күндөгү мектептердин көйгөйлүү маселелерине туш болдук. Мисалы, алыскы мектептер дээрлик акыркы жылдары чыккан китептер менен камсыз болушпаган. Дагы бир белгилей кетчү нерсе, өзбек тилиндеги мектептерден келген окуучулар тарых предмети боюнча жаңы чыккан китептер менен камсыз болгон, ал эми кыргыз мектептерде тарых боюнча китептер азыркы күнго чейин жокко эсе. Айрыкча тарых предмети боюнча окуу куралдарынын жетишсиздиги «Тарых» адистигиндеги студенттер педагогикалык жана мамлекеттик практика өтөө мезгилинде да көп байкалат. Жаңы маалыматтар менен толукталган китептер

менен камсыз кылуу азыркы учурдун талабы болуп саналат. Көптөн бери коомчулук мектептерге ыйман сабагы киргизилсин деген талап коюлуп келе жатат. Тилеке каршы кээ бир атуулдарыбыз, билим берүү тармагында иштеген кызматкерлер ыймандын адамзаттын туура жашоосуна абадай зарыл жана керек экенине моюн сунбай келе жаткандыгы өкүнүчтүү. Канчалаган жылдар бою Манас, тарбия, этика, адеп сабактары мектептерде берилип жатты, бирок биз жаш муундарга керектуу тарбия бере алдыкпы? Балдардын жакшы тарбия алып мектептен туура, таза жүргөн жакшы инсан болушу мугалимдин мойнундагы аманат экендигин биз эч качан унутпашыбыз керек. Көп жылдардан бери адеп тарбиясы жүрүп келе жатат, бирок натыйжа кандай? Биз мектептен үй-бүлө кура ала турган, кандай гана кыйынчылыктар болбосун, коомдо татыктуу жашай ала турган, өз жүрүш-турушуна, коом, ата-эне, мамлекет алдында жооп бере турган инсандарды тарбиялоого жапа тырмак киришишибиз керек. Тилеке каршы азыркы күндө көп ата-энелер көр оокаттын айынан балдарын чоң-ата, чоң эне, таене жана туугандарына тапшырышып, балдарынын тарбиясына көз жаздым мамиле кылышууда. Бул болсо жаштардын арасында кылмыштуулуктун өсүшүнө түздөн-түз шарт түзүүдө. Бул балдар эртең көчө баласына айланып курсагын тойгузуу учун базарларда араба сүйрөп же болбосо аргасыздан уурулукка барышат. Алардын келечеги кандай болот, бул да азыркы күндө тез арада чара колдонуучу олуттуу маселердин бири болуп саналат. Мындай абалды жеңип чыгууда негизги аткарылуучу иштердин алгачкысы - инсандардын экономикалык абалын жакшыртуу. Эгер үй-бүлөдө ичкенге тамак аш, кийгенге кийим жок болсо, ал үй-бүлөдөгү бала кайсы мектепке барып окуй алмак? Мындай балдар азыркы күндө айыл-кыштактарда четтен табылат.

Балагатка жеткен бала келечекте кандай кесиптин ээси болоору жөнүндө ойлоно баштайт. Туура жана татыктуу кесип тандоо да - өзүнчө чоң маселе. Акыркы мезгилде жаштарыбыз ата-энесининин, туугандарынын кеңеши менен окуу жайына тапшырып калышты. Кийин ал өзү сүйбөгөн кесибинде иштеп кете алабы же диплом чөнтөктө, өзү өмүр бою коммерция кылып талаалап жүрөбү? Эгемендүүлүктүн шарапаты менен азыркы күндө козу карындай жайнап кеткен коммерциялык окуу жайлар талапка ылайыктуу адистерди даярдай алабы? Бүтүрүүчүлөрдү иш менен камсыз кыла алабы жокпу? Окуу жайларынын көптүгү жакшы, бирок алардын окуу имараттары, шарттары, окуу пландары мамлекеттик стандартка жооп бере алабы, жокпу, бул да - күнүмдүк олуттуу маселелердин бири.

Жалал-Абад областында азыркы мезгилде бир катар жогорку окуу жайлар жаш муундарды тарбиялоодо эмгектенип келишүүдө.

Жогорку окуу жайлардын флагманы болгон Жалалабат мамлекеттик университети 2014-жылы өзүнүн 20 жылдык маарекесин белгиледи. Айтууга оной болгон менен, бул кыска аралык мезгилде ЖаМУ өзүнүн жаштарга илим−билим мекенине айлангандыгы жалпы журтчулука маалым болду. Азыркы күндө ЖаМУда илимдин 120 кандидаты, илимдин 20 доктору үзүрлүү эмгектенип, 16 минден ашуун студент билим алып жаткандыгынын өзү эле билим берүү деңгээлинин жогору экендигинин далили. Алардын жолун улап учурда ЖаМУнун аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүндө - 20, сырттан окуу бөлүмүндө - 28, өз

алдынча илимий изилдөөчү 100, докторантурада 5 профессор-окутуучулар илимий-изилдоо иштерин жүргүзүшөт. Студенттерди илимий иштерге тартуу иштери жакшы жолго коюлган.

ЖОЖдор аралык өткөрүлүүчү студенттердин илимий-практикалык конференцияларына жыл сайын университеттен 250 ден ашуун студент катышат. ЖаМУнун аспиранттарынын, изденүүчүлөрүнүн, кызматкерлерин жана студенттеринин илим изилдөө иштерин уюштуруу жана багыттоо максатында, Окумуштуулар кеңешинин астында Илимий-техникалык кеңеш иш алып барат. Кеңеште диссертациялар, илимий эмгектер талкууланып, кафедралардын, аспиранттардын, изилденүүчүлөрдүн отчеттору каралып турат. Студенттердин азыркы мезгилде илим-билимге болгон кызыгуусун арттыруу ар бир окутуучудан тартып окумуштууларыбызга чейинкилердин ыйык милдети болуш керек. Ар бир жаш муун өзүнүн коомдогу ордун таап мамлекетибиздин өнүгүшү үчүн аз да болсо өз салымын кошсо, бул - биздин ийгилигибиз. Келечектеги муундарды тарбиялоодо аларды илим-билим жаатында гана тарбиялабастан, патриоттуулукка, Ата-мекенин сүйүүгө, каада – салттарды ардактап сыйлоого да тарбиялашабыз керек.

Ата-бабаларыбыздын бизге мурас катары калтырылган үрп-адаттарын, каада-салттарын коргоо жаш муундарга өткөрүп берүү - биздин атуулдук парзыбыз, мамлекет алдындагы милдетибиз жана ата-бабаларыбызга болгон карызыбыз.

Адабияттар:

1. Осмонов О.Ж., Асанканов А.А. Кыргызстан тарыхы. - Бишкек, 2001.
2. Чотонов У. Суверенный Кыргызстан. - Бишкек, 1995.
3. Жалалабат облусу. Энциклопедия. - Бишкек, 2003
4. «Замандаш» журнал, № 1 январь, 2004.
5. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. - Бишкек, 2003.
6. Эл агартуу журналы.